| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>БАКАЙ-АТА АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БАКАЙ-АТИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

**11.12.2024 -ж.** **№ 1** **Бакай-Ата айылы**

**“Бакай-Ата айылдык кеңешинин туруктуу комиссияларын бекитүү жөнүндө”.**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына ылайык Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык кеңешинин туруктуу комиссияларын түзүү жана бекитүү боюнча маселени карап чыгып, талкуулап Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышын 2-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айылдык Кеңешинин төмөнкү курамдагы туруктуу комиссиялары бекитилсин.
   а) Бюджет, финансы, инвестиция, муниципалдык менчик жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссия:
   - Молдобеков Адилет Аппасович; -комиссиянын төрагасы.
   - Райымбекова Назира Кубанычбековна;
   - Козубекова Жаңыл Токтобековна;
   - Сапаралиева Гулзат Суюндуковна;
   - Осмоналиева Гульзат Бообековна.

   б) Жер, агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссия:
   - Джакыбалиев Бактыгул Сатканкулович; -комиссиянын төрагасы.
   - Батырбашиев Элдарбек Асимканович;
   - Сулайманов Тагай Мырсаканович.

   в) Социалдык саясат, маданият жана коомдук уюмдар менен иштөө боюнча туруктуу комиссия:
   - Батырбакова Кенжекан Актыбековна; -комиссиянын төрагасы.
   - Джунусова Назгүл Касымалиевна;
   - Айбазова Земфира Исмаиловна;
   - Бокубаева Тамара Джамболотовна;
   - Джолдошева Гульмира Расылкановна.

   г) Депутаттык этика, регламент, мыйзамдуулук, жарандардын укуктарын сактоо боюнча туруктуу комиссия:
   - Эргешбаев Нуржан Жусупович; -комиссиянын төрагасы.
   - Усенов Рахим Абдукарович;
   - Мырзабеков Нурбек Куттубекович.

   д) Спорт жана жаштар иштери боюнча туруктуу комиссия:
   - Ниязбеков Абай Зарлыкович; -комиссиянын төрагасы.
   - Кенжеалиев Азамат Кенжеалиевич;

- Алымбеков Аппас Макулбекович.

2. Ушул токтом жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялансын жана Талас облустук юстиция башкармалыгына ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтүлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасы:** **М.Исабеков**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>БАКАЙ-АТА АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БАКАЙ-АТИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

**11.12. 2024 - ж.** **№ 2** **Бакай-Ата айылы**

**"Миң-Булак айылындагы Талас суусуна көпүрө салуу максатында Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын бюджетинин чыгаша бөлүгүндө каралган акча каражатын статьядан статьяга жылдыруу жөнүндө".**

Миң-Булак айылындагы Талас суусуна көпүрө салуу максатында Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын бюджетинин чыгаша бөлүгүндө каралган акча каражатын статьядан статьяга жылдыруу боюнча Бакай-Ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн социалдык экономика жана өнүгүү бөлүмүнүн башчысы А.Тазабекованын билдирүүсүн угуп талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Бюджеттик кодексин" жетекчиликке алып, Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышын 2-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын бюджетиндеги чыгаша бөлүгүндө каралган акча каражаты төмөндөгү статьядан статьяга жылдырылсын:
   - Мектеп бөлүмүнүн 2222 сатып алуу статьяда калып калган 210.000( эки жүз он миң) сом акча каражатын, ЖКХ бөлүмүнүн 3111ст. имараттар жана курулмаларга;
   - Жарандык коргонуу бөлүмүндөгү 2215 ар кандай чыгымдар статьясындагы 140.000( жүз кырк миң) сом акча каражаты ЖКХ бөлүмүнүн 31111ст имараттар жана курулмаларга;
   - ЖКХ бөлүмүнөн 3112 машиналар жана жабдуулар статьясынан 270.000( эки жүз жетимиш миң) сом акча каражаты имараттар жана курулмаларга жылдырууга макулдук берилсин.
2. Бул токтомдун аткаруу жагы Бакай-Ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн социалдык экономика жана өнүгүү бөлүмүнүн башчысы А.Тазабекова милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы У.Тынысовго жүктөлсүн.

**Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасы** **М.Исабеков**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>БАКАЙ-АТА АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БАКАЙ-АТИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

**11.12. 2024 - ж.** **№ 3** **Бакай-Ата айылы**

**"Бакай-Ата айыл өкмөтүнө 2024-жыл үчүн үлүш жерлердин компенсация катары Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан келген акча каражатын бөлүштүрүү жөнүндө".**

Бакай-Ата айыл өкмөтүнө 2024-жыл үчүн үлүш жерлердин компенсация катары Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан келген 735.800( жети жүз отуз беш миң сегиз жүз) сом акча каражатын бөлүштүрүү боюнча маселени карап чыгып, талкуулап депутаттардын Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышын 2-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айыл өкмөтүнө 2024-жыл үчүн үлүш жерлердин компенсация катары Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан келген 735.900( жети жүз отуз беш миң тогуз жүз) сом акча каражаты төмөндөгүчө бөлүштүрүлсүн.
   - Бакай-Ата айыл аймагындагы бала бакчаларга жыгач эмеректерди сатып алууга 590.000 (беш жүз токсон миң) сом;
   - Бакай-Ата айылдык кеңешинин залына кондиционер сатып алууга 50.000( элүү миң) сом;
   - Бакай-Ата айыл өкмөтүнө контейнер сатып алууга кошумча 45.800( кырк беш миң сегиз жүз) сом;
   - Бакай-Ата айылындагы " Сезим" логопедиялык борборуна жыгач эмеректерди сатып алууга 50.000( элүү миң) сом.
2. Бул токтомдун аткаруу жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн каржы-экономика жана социалдык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы А.Тазабековага милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы У.Тынысовго жүктөлсүн.

**Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасы:** **М.Исабеков**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>БАКАЙ-АТА АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БАКАЙ-АТИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# ТОКТОМ

**11.12. 2024 - ж.** **№ 4** **Бакай-Ата айылы**

**“Бакай-Ата райондук сотунун № ГД-345/24Т1 сандуу аткаруу баракчасын кароо жөнүндө”.**

Бакай-Ата райондук сотунун № ГД-345/24Т1 сандуу аткаруу баракчасы сессиянын күн тартибинде каралып талкууланып депутаттардын Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышын 2-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата райондук сотунун 15.11.2024-жылдагы № ГД-345/24Т1 сандуу аткаруу барактын негизинде доогер Мураталиев Асан Абдыбековичтин пайдасына орточо эмгек акысынын материалдык ордун жергиликтүү бюджеттен төлөнүп берилсин.
2. Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башкаруу аппарат бөлүмүнүн 2111 (айлык акы) статьясынан 250,0(эки жүз элүү миң ) сом, 2121 ( соц фонд чегерүү) 10,0(он миң) сом акча каражатын ЖКХ бөлүмүнүн 2111 (айлык акы) статьясына 250,0 (эки жүз элүү миң ) сом 2121 (соц фонд чегерүү) 10,0(он миң) сом которулсун.
   - РДК бөлүмүнүн 2211( кызматтык иш сапар) статьясынан 13,6 (он үч миң алты жүз) сом,
   - РДК бөлүмүнүн 2111(айлык акы) статьясына жылдырууга макулдук берилсин.
3. Бул токтомдун аткаруу жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн каржы-экономика жана социалдык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы А.Тазабековага милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы У.Тынысовго жүктөлсүн.

**Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасы:** **М.Исабеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

# ТОКТОМ

**11.12. 2024 - ж.** **№ 5** **Бакай-Ата айылы**

**“Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорунун (COVID-19 га жооп кайтаруу) алкагында кошумча каржылоо” (АИД-3 КК) долбоорунун алкагында Бакай-Ата айыл аймагындагы ишмердүүлүгү жөнүндө”.**

2021-жылдын 20-октябрындагы Кыргыз Республикасынын №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамынын 27-беренесине ылайык, АИ-3 КК долбоорунун алкагында айылдык аймакта аткарылган иштери боюнча Бакай-Ата АА АКИА АК төрагасы Сапаралиева Гулзат Суюндуковнанын маалымат - отчетун угуп жана талкуулап депутаттардын Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышын 2-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. АИ-3 КК долбоорунун алкагында айылдык аймакта аткарылган иштери боюнча Бакай-Ата АА АКИА АК төрагасы Сапаралиева Гулзат Суюндуковнанын А.Акматованын маалымат- отчету кабыл алынсын ( тиркеме 1).
2. Бакай-Ата айыл өкмөт башчысы АКИАны жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү иш аракеттерине киргизүү жөнүндө сунуштарын даярдап берсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы У.Тынысовго жана Бакай-Ата айылдык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Бакай-Ата айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы:** **М.Исабеков**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>БАКАЙ-АТА АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БАКАЙ-АТИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

**11.12. 2024 - ж.** **№ 6** **Бакай-Ата айылы**

**"Бакай-Ата айыл өкмөтүнө караштуу ички сугат каналдарын жана суткалык сугат суу сактоочу жайлар (БСР) дин ээлеген жер аянттарын бекитүү жөнүндө".**

Бакай-Ата айыл өкмөтүнө караштуу ички сугат каналдарын жана суткалык сугат суу сактоочу жайлар (БСР) дин ээлеген жер аянттарын бекитүү боюнча Бакай-Ата айыл өкмөтүнө караштуу "Ак-Тилек-Максат" ишканасынын жайыт жана ирригация иштери боюнча адиси С. Бердалиевдин баяндамасын угуп, талкуулап Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамын жетекчиликке алып Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышын 2-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАМ:

1. Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн айыл аймагына караштуу ички сугат каналдарын:

-"Кайназар-2" узундугу 12090м. Аянты 16га;
- "Жарке" узундугу 16050м. Аянты 19га;
- "Киндик-Таш" узундугу 870м. Аянты 1,1га;
- "Жана" узундугу 36400м. Аянты 43,7га;
- "Көкөтай" узундугу 540м. Аянты 0,54га;
- "Чолок-Арык" узундугу 2943м. Аянты 3,24га;
- "Сол-Арык" узундугу 4468м. Аянты 5,36га;
- "Орто-Арык-лоток" узундугу 3350м. Аянты 3,7га;
- "Калп-Ата" узундугу 3417м. Аянты 3,8га;
- "Үстүнкү Көк-Жар" узундугу 4100м. Аянты 5,0га.
- "Мамбет" узундугу 6050м. Аянты 5,44га. жалпы 106,88га

2. Суткалык сугат суу сактоочу жайлар (БСР) дин ээлеген жер аянттарын:

- "Жарке-1" аянты 3,43га;
- "Жана" 1,42га;
- "Бөлтөк" аянты 2,37га;
- "БТК-2" аянты 0,80га. Жалпы 8,02га

Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине суу астындагы жерлер баардыгы 114,9га жер алынсын.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин Бакай-Ата филиалынан мамлекеттик актысын даярдап берүү жагы суралсын.
4. Тиешелүү иш кагаздарын дайындоо жагы Бакай-Ата шаар курулуш мекемесинен суралсын.

5. Токтомдун аткарылышын аткаруу жагы турак жай жана муниципалдык менчик боюнча жетектөөчү адиси А. Омуралиевге жана “Ак-Тилек-Максат” ишканасынын жайыт жана ирригация иштери боюнча орун басары С. Бердалиевге милдеттендирилсин.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы У.Тынысовго жүктөлсүн.

**Бакай-Ата айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы: М.Исабеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**11.12. 2024 - ж.** **№ 7** **Бакай-Ата айылы**

**"Бакай-Ата айыл өкмөтүнө караштуу ички сугат каналдарын жана суткалык сугат суу сактоочу жайларды (БСР) Бакай-Ата райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү жөнүндө".**

Бакай-Ата айыл өкмөтүнө караштуу ички сугат каналдарын жана суткалык сугат суу сактоочу жайларды (БСР) Бакай-Ата райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү Бакай-Ата айыл өкмөтүнө караштуу "Ак-Тилек-Максат" ишканасынын жайыт жана ирригация иштери боюнча орун басары С. Бердалиевдин баяндамасын угуп, талкуулап депутаттардын Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышын 2-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАМ:

1.Бакай-Ата айыл өкмөтүнө караштуу төмөндөгү ички сугат каналдар:
- "Кайназар-2" узундугу 12090м. Аянты 16га;
- "Жарке" узундугу 16050м. Аянты 19га;
- "Киндик-Таш" узундугу 870м. Аянты 1,1га;
- "Жана" узундугу 36400м. Аянты 43,7га;
- "Көкөтай" узундугу 540м. Аянты 0,54га;
- "Чолок-Арык" узундугу 2943м. Аянты 3,24га;
- "Сол-Арык" узундугу 4468м. Аянты 5,36га;
- "Орто-Арык-лоток" узундугу 3350м. Аянты 3,7га;
- "Калп-Ата" узундугу 3417м. Аянты 3,8га;
- "Үстүнкү Көк-Жар" узундугу 4100м. Аянты 5,0га.
- "Мамбет" узундугу 6050м. Аянты 5,44га. жалпы 106,88га

2. Суткалык сугат суу сактоочу жайлар (БСР):
- "Жарке-1" аянты 3,43га;
- "Жана" 1,42га;
- "Бөлтөк" аянты 2,37га;
- "БТК-2" аянты 0,80га. Жалпы 8,02га

Бакай-Ата райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүүгө макулдук берилсин.

3.Токтомдун аткарылышын аткаруу жагы турак жай жана муниципалдык менчик боюнча жетектөөчү адиси А. Омуралиевге жана "Ак-Тилек-Максат" ишканасынын жайыт жана ирригация иштери боюнча орун басары С. Бердалиевге милдеттендирилсин.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы У.Тынысовго жүктөлсүн.

**Бакай-Ата айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы:** **М.Исабеков**